MAKTABGACHA VA MAKTAB TA'LIM VAZIRLIGI

MARKAZI

## 2023-2024-ОКУУ ЖЫЛЫНДА ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕРДИН 11-КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН

# Кыргыз тили жана адабияты

## ПРЕДМЕТИНЕН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ АТТЕСТАЦИЯСЫН ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК СУНУШ ЖАНА МАТЕРИАЛДАР



# Кыргыз тили жана адабияты предметинен жалпы билим берүүчү орто мектептери бүтүрүүчүлөрү үчүн мамлекеттик экзамен дилбаян темалары спецификациясы

Көрсөтүлгөн экзамен спецификациясынын максаты бүтүрүүчү окуучулардын кыргыз тили жана адабияты предметинен билим даражасын аныктоо үчүн колдонула турган дилбаян темалары структурасы жана ага коюлуучу талаптарды белгилөө болуп саналат. Берилген дакументте апробациялар натыйжасында кошумчалар, өзгөртүүлөр жана түзөтүүлөр киритиши мүмкүн.

11-классты бүтүргөн окуучулар кыргыз тили жана адабият предметинен билим берүү программасы боюнча белгилүү даражада компетенцияларга ээ болушат.

Окуучулардын алган билим, билгичтик жана көндүмдөрүн аныктоо үчүн 2023-2024-окуу жылында 11-класстарда жыйыныктоочу экзамен жазма түрүндө өткөрүлөт.

Ар бир дилбаян темалары кыргыз тили жана адабияты предмети боюнча жалпы билим берүүчү мектептердин 5-11-класс темаларын өз ичине алган. Ошондой эле дилбаянды баалоо критерийлери да киритилген.

Дилбаян темаларынын киритилишинин дагы бир маанилүү жагы, бул кыргыз тили жана адабияты предметинен билимдери менен катар сабаттуулук бышыкталат, чыгармачылык, сөз байлыгынан пайдалана алуу көндүмү ашат, өз көз караштарын логикалык, тизимдүү баяндоо тажрыйбасына ээ болот жана ушул багытта пикирин жеткире алууну үйрөнөт.

11-класстар үчүн дилбаян үч вариантта түзүлгөн болуп, ар бир вариантта үчтөн дилбаян темалары бар. Бул варианттагы темалардын экөөсү адабият предметинен экзамен материалдары Мамлекеттик билим берүү стандарты жана окуу программасында белгиленген темалар негизинде, ал эми бирөөсү эркин темада даярдалды.

Республика жалпы билим берүү мекемелеринде билим алып жаткан 11-класс окуучулары ортосунда жыйынтыктоочу аттестация өткөрүлүшү натыйжасында экзамен алуу үчүн дилбаян темалары сунушталды. Экзаменде дилбаян тандоодон максат окуучуларда логикалык-креативдик баарлашуу жүргүзүү көндүмдөрүн калыптандыруу, максат жана чыгармачыл пикирлөөгө үйрөтүү, орфографиялык жактан туура жазуу эрежелерин калыптандыруу, оозеки ва жазма кеп көндүмдөрүн өнүктүрүү болуп саналат.

Дилбаян темалары киритилишинин дагы бир маанилүү жагы кыргыз тили жана адабияты предметинен билимдери менен катар сабаттуулук бышыкталат, чыгармачылык, сөз байлыгынан пайдалана алуу көндүмү ашат, өз көз

караштарын логикалык, тизимдүү баяндоо тажрыйбасына ээ болот жана ушул багытта пикирин жеткире алууну үйрөнөт.

Дилбаянды жазып, окуучу тарабынан окуп чыгылып, каталар үстүндө иштелиши, мүчөлөрдүн колдонулушун эсепке алып, 3 акедемик саат убакыт белгиленет.

Окуучулардын жазма иштери кыргыз тили предметтеринин ар бир үчүн 100 баллдык тизим негизинде:

0 – 29% – “жаман”;
30–65% – “орто”;
66–85% – “жакшы”;
86–100% – “эң жакшы” баа сыяктуу бааланат.

Ар бир тапшырма үчүн белгиленген баллдан жогору балл коюлушуна жол коюлбайт.

| **11-класс бүтүрүүчүлөрү үчүн кыргыз тили жана адабият предметинен билим берүү максаттары** | |
|---|---|
| **Граматикага тиешелүү өздөштүрүлө турган нормативдер:** | кыргыз адабий тили грамматикасынын норматив жана мүмкүнчүлүктөрүн билүү |
| | кептик усулдардын чеги жана мүмкүнчүлүктөрүн билүү |
| | оозеки жана жазма кепте сөз өзгөртүүчү жана сөз жасоочу мүчөлөр, грамматикалык маани берүүчү каражаттарды тандай билүү |
| | синонимдик жана усулдук мүмкүнчүлүктөрдөн туура пайдалана алуу |
| | сүйлөмдө сөздөрдүн орун тартибине көңүл буруу, сүйлөм мүчөлөрү анын түрлөрү, сөз айкаштары жана фразеологизмдер катышуусунда баяндай алуу |
| | сүйлөм түрлөрүнөн, төл жана бөтөн сөздөрдөн, бир өңчөй мүчөлөрдөн, татаал сүйлөм түрлөрүнөн туура жана орундуу пайдалана алуу. |
| | сапаттуу көрсөткүч —тексттеги сүйлөмдөрдүн мазмун жактан өз ара байланыштуулугу жана тиешелүүлүгү көрсөтүлгөн тема тегерегинде биригиши, тыныш белгилерди туура коюу, тексттин башталуу тизимин |

| | |
|---|---|
| | туура жамдалышы жана пикир изчилдигин камсыздоо, үйрөнүлгөн баяндоо каражаттарын орундуу колдой алуу жана алардын усулдук мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдалана алуу, иш кагаздарын жаза алуу |
| **Адабият** | оозки чыгармачылык түрлөрү менен жазма адабияттын жанрларын айырмалай алуу |
| | берилген ар кандай темада жазма түрдө өз алдынча пикир жүрүтө алуу |
| | окуган чыгармадан алган түшүнчөлөрүн ачык баяндап бере алуу |
| | башка адамдын сезимдери жана башынан өткөргөн кечинмелери негизинде пикир жүрүтө алуу |
| | ар кандай темаларда дилбаян жаза билүү |
| | үйрөнүлгөн жазуучуларга тиешелүү болгон мүнөздөрүн баалай билүү |
| | адабий каармандардын иш-аракеттерине мамиле билдире алуу жана аны негиздей билүү |
| | жогору даражада болгон жана акыл жактан өнүккөн адабий каармандардын образдарын ачып бере алуу |
| | музыка же сүрөт искусствосу негизиндеги көркөм сулуулукту түшүнө билүү жана аны сөз менен баяндап берүү |
| | үйрөнүлгөн чыгармаларда чагылдырылган көркөм образдар өзгөчөлүгүнө тиешелүү болгон мүнөздөрдү түшүнүп, аларга мамиле билдире алуу |
| | үйрөнүлгөн чыгармалардагы көркөм образдар өзгөчөлүгүнө тиешелүү болгон мүнөздөрүнө өз алдынча пикир билдире алуу |
| | үйрөнүлгөн көркөм чыгармаларда баяндалган улуттук өзгөчөлүктөрүн түшүнө алуу |
| | адабий-тарыхый доорлорго жана акын-жазуучулар чыгармачылыгына туура баа бере алуу |

| **Дилбаянды баалоо критерийлери** | | 1 | 2 | 3-4 | 5-7 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Орфографиялык каталары** | **15 балл** | 14-15 балл | 10-13 балл | 7-9 балл | 4-6 балл |
| **Усулдук каталары** | **15 балл** | 14-15 балл | 10-13 балл | 7-9 балл | 4-6 балл |
| **Тыныш белгилери** | **10 балл** | 9-10 балл | 7-8 балл | 4-6 балл | 1-3 балл |
| **Теманын далилдер негизинде (чыгармадан үзүндү) берилиши** | **20 балл** | | | | |
| Дилбаян текстинде 2 жана андан ашык макал, афоризмдер, ырдан үзүндүлөр текст мазмунуна туура келсе, түшүндүрүлүп берилсе, эпиграф колдонулган болсо, түзүлгөн план темага толук түрдө туура келсе | 15-20 балл | | | | |
| Макал, афоризм, ырдан үзүндүлөр колдонулгон, бирок түшүндүрүлбөгөн болсо | 9-14 балл | | | | |
| Бир гана макалдын өзү колдонулган жана түшүндүрүлгөн болсо | 4-8 балл | | | | |
| **Көркөмдүгү (сөз колдоо чеберчилиги, ырдан үзүндүлөр макалдар, афоризмдерди колдонуу)** | **20 балл** | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Фразеологизмдерди, сын атоочтук сөздөрдү, өтмө маанидеги сөздөрдү, синоним, антоним сөздөрдү орундуу колдонулган болсо | 15-20 балл | | | | |
| Синоним сөздөрдү туура колдонулган болсо | 9-14 балл | | | | |
| Пикир кеңири эмес, бир гана маалымат берүү катарында колдонулган болсо | 4-8 балл | | | | |
| **Жазуу** | **6 балл** | | | | |
| Жазуу анык жана сулуу, түшүнүктүү болсо | 5-6 балл | | | | |
| Жазуу бир аз анык эмес, тамгалар кыйшайган болсо, так окуу бир аз кыйын болсо | 1-4 балл | | | | |
| **Өз алдынча пикир билдире алуу өзгөчөлүгү** | **10 балл** | | | | |
| Ар бир маалымат түшүндүрүлүп, корутунду, салыштырма анализделип, өз пикири баяндалган болсо | 7-10 балл | | | | |
| Тема боюнча маалыматтар окуу китеби негизинде баяндалып, окуучунун өз дүйнө карашы баяндалбаган болсо | 4-6 балл | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Калган абалдар | 1-3 балл | | | | |
| **Тазалык (Боёлбостон жазуу)** | **4 балл** | | | | |
| Жалпы: | 100 балл | | | | |

**Дилбаян үчүн темалар:**

1 «Чабылганды кураган,
Чачылганды жыйнаган.» («Манас» эпосундагы Манастын образы.)

2.Мен сүйгөн каарман.

3.Өзбекстан 2050-жылда.

4.«Айланган тоонун бүркүтү» (Т.Сатылгановдун тагдыры жана чыгармачылык изи)

5.«Мен тансам: жаштан танам, ырдан танбайм...» (А. Осмоновдун акындык жана адамдык ажары)

6. Менин келечектеги милдетим.

7.«Мезгил жетип кулач урбай мухитке, он жети жаш бекер кетти, күйөмүн!» (К. Тыныстановдун адабий жана илимий ишмердүүлүгү жөнүндө)

8.«Канткенде адам улуу адам болот?» (Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы каармандар боюнча)

9.Абдулла Арипов позиясындагы түркүн сезимдер баяны

10.Жаңы Өзбекстандын келечек жаштарыт